**Бишкек шаарындагы №82 жалпы билим берүү орто мектебинин Чыңгыз Айтматов атындагы китепкананын жылдык иш пландын негизинде 2018-2022-жылдар аралыгында аткарган иштери боюнча отчет-талдоосу.**

**Китепкана-ар бир адам үчүн ыйык жер,илим-билимдин,акылмандыктын булагы.**

**Китепкананын тарыхы,көргөзгөн кызматы технологиялардын өнүгүшүнө кошкон зор салымы белгилүү.**

**Китепкананын негизги багыты-китеп фондун комплектөө жана уюштуруу,китеп окуучуларды тейлөө.**

**Китепкана жөнүндө жалпы маалымат.**

**Мектеп китепканасынын иши жылдык пландын негизинде жүргүзүлөт жана мектеп директору тарабынан бекитилет.**

**Китепкананын ишинин негизги багыттары:**

1..Тарыхый-патриоттук сезимдерге тарбиялоо.

2..Китепкананы пайдалануучунун көз карандысыз көндүмдөрүн калыптандыруу,маалыматтык маданиятты жана окуу маданиятын өнүктүрүү.

3.Салттуу технологияларды өркүндөтүү жана жаңы технологияларды өздөштүрүү.

4..Китепкана фондун андан ары толуктоо. :

5..Окутуу-тарбиялоо процессин жана өзүн-өзү тарбиялоону камсыз кылуу китепканалык-библиографиялык жана педагогдорду,окуучуларды маалыматтык тейлөө.

6.Ыңгайлуу китепкана чөйрөсүн уюштуруу.

7.Сергек жашоо образын жайылтуу.

Бул милдеттерди ишке ашыруу үчүн китепкана окуу фондун,көркөм,маалымдама,методикалык документтер менен жекече жана массалык иш жүргүзөт.

Китепкананын негизги фонду-көркөм,илимий-популярдуу,методикалык,маалымдама адабияттар,окуу китептери.

Сканировано с CamScanner

Мектеп китепканасынындагы китептер китепкана классификациясы боюнча жайгаштырылган б.а.окуучулардын жаш курагы боюнча адабияттар,маалымдама-библиографиялык басылмалар.

Негизги фонд менен иштөөдө төмөнкү документтер колдонулат:

1.Негизги фонддун суммардык эсепке алуу китеби;

2.Инвентаризация китеби;

3.Жоголгон китептердин ордуна окурмандардан кабыл алынган китептерди жазуу журналы;

4.Актылар:

-эскирген адабияттарды эсептен чыгаруу;

-белекке берилген адабияттар;

5. Каталогдор жана файлдар шкафтары.

6. Окуу фонду менен иштөөдө эсепке алууну камсыз кылуу үчүн төмөнкү документтерди колдонобуз:

1. Окуу фондун суммардык эсепке алуу китеби;

2. Китептер католалогу.

3. Окуу китептери;

4. Окуу китептерин эсептен чыгарууга актылар;

5. Класстар боюнча окуу китептерин берүү ведемосттору.

Китепкана китепканалык-библиографиялык маалыматтарды пропагандалоо боюнча иштерди жүргүзөт:

Китеп колдонуучулардын жаш курагын эске алуу менен(каталогдор,картотекалар)

*системалык каталог

*"наамдар"картотекасы-мугалимдерге

Окуучуларды китепканага тартуу,кызыктыруу боюнча китепканада ар кандай темада сабактар өткөрүлөт:

*1-2-класстар "Китепканага экскурсиялар.Китепкана менен таанышуу"

Сканировано с CamScanner

*1-4-класстарга “Окуу керемет”долбоору боюнча келген китептерди тааныштыруу.

*5-6-7-класстарга “Сөздүктөр биздин жардамчыбыз.Энциклопедиялардан бардык издегенибизди табабыз”.

*8-класстарга “Илимий-маалытаттык адабият”

*9-10-класстарга “Илим жана технология боюнча китептер.Көркөм китептер.Критикалык адабият.”

Китепканада тарбия иштери боюнча жана окуу жылы ичинде өтүлө турган мугалимдердин класстык сааттары,аңгемелешүү,сынактарды өткөрүү үчүн китеп тандоодо, рекомандациялык сүйлөшүүлөр жүргүзүлүп турат.Окуучуларга рефераттарды, билдирүүлөрдү жазууда энциклопедиялык сөздүктөрдү,маалымдама мүнөздөгү китептерди сунуштайбыз.

Келип түшкөн окуу китептери,методикалык китептер,көркөм адабияттар өзубагында таризделет(таңгактан тчыгарылат,штампталат),бухгалтерияга өзубагында отчет берилет.

Окуу китептеринин сакталышы боюнча ар айдын аягында текшерүүлөр жүргүзүлүп турат жана ар бир класстагы китеп секторунун иши китепкана тарабынан көзөмөлдөнүп турат.

Жыл аягындаар бир класс менен китептерди ремонттоп тапшырууга даярдык көрүлөт.

Окуу жылынын аягында график боюнча окуу китептери тапшырылат

Китепкана жыл сайын даталуу күндөргө мугалимдер жана окуучулар менен бирдикте ар кандай иш-чараларды өткөрүп келет.

Сентябрь айынын 15-20-числосунда жыл сайын “Китеп ярмаркасы” өткөрүлөт.Окуучулар жетишпеген китептерин таап алууга шарт түзүлөт.

23-сентябрда “Мамлекеттик тил күнү”,”Эне тилим-эне сүтүм”,”Мен кыргыз экениме мактанам”аттуу темада иш-чараларды өттүк.Китепкана тарабынан докладдар даярдалды,кыргыз тил мугалимдери,класс жетекчилер жана окуучулар менен бирдикте белгиленди.

Китепканада даталуу күндөргө көргөзмө бурчтар,тегерек стол,китеп көргөзмөсү,баяндама,тематикалык кечелер өтүлүп турат.

2017-2018-окуу жылында китепкана “Бирге окуйбуз”долбоорунун үстүндө иш алып барды.2-4-класстар арасыда ата-энелер кошо катышкан командалардын таймашы ар бир

Сканировано с CamScanner

класста жогорку деңгээлде өттү.Бул долбоор окуучу менен ата-эне чогуу китеп окууга,чет элдик жомокторду окууга өбөлгө түздү.Мындан сырткары 1-4-класстар арасында "Бөбөк сенин жомогуң","Жомоктор дүйнөсүнө саякат" деген темада таймашуу сабактарын жыл сайын өткөрүп келебиз.Бул иш-чаралар кичинекей бөбөктөрдү жомок менен достошууга жардам берди.

2021-2022-окуу жылында "Окуу керемет"долбоорунун алкагында "Китеп- менин акылым,китеп-менин жакыным"деген темада 2-класстар арасында ар бир класстан эки окуучу,эки ата-эне катышкан кызыктуу таймашуулар өткөрүлдү.Окуучулар ата-энелер менен бирдикте жомокторду жогорку чеберчиликте аткарышты. Иш-чара 23-апрель "Китеп күнүнө"арналып өткөрүлдү.

2018-2019-окуужылында 7-8-класстар арасында "Билим менен мен дүйнөнү багынтам" аттуу таймашуу сабактары китепканада жана мектептин кичине ,чоң залында өткөрүлдү. Таймаш окуучуларды мектеп программасын кайталоого,кошумча адабияттарды окуп чыгууга жана ыр-бийге активдүү катышууга шарт түздү.

1-декабрь-Карылар күнү,4-декабрь-Манас күнү,12-декабрь Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүнө карата жыл сайын кечелер,тегерек столдор өтүлдү."Карысы бардын ырысы бар","Манас-адамзаттын мурасы","Манас-кыргыз рухунун туу чокусу","Алам алпы-Айтматов","Доордун улуу таланты-Айтматов"деген темада иш-чаралар өтүлдү.2022-жылы 5-декабрда8-класстар арасында "Чыңгыз Айтматовдун чыгармалары обондуу ырларда"деген лирикалык кече өттүк.Мында окуучулар чыгармаларынан үзүндүнү жогорку актердук чеберчиликте аткарышты,Чыңгызга арнаган ырларын окушту,чыгармалар боюнча тарткан сүрөттөрүн көргөзө алышты.15-февралга карата жана 23-февралга карата "Афган жоокерлеринин эрдиги унутулбайт",""Мекенди коргоо-ыйык милдет"деген темада 8-9-класстарда кызыктуу таймашуу сабактарын өткөрө алдык.

Китепканада жазуучу,акын Бактыгүл Чотурова,Зинакан Каипова,Карбалас Бакиров,Бердибек Жамгырчиевдер менен 8-11-класстар менен жолугушуулар кыргыз тил

Сканировано с CamScanner

мугалимдери менен бирдикте жолугушууларды өткөрдүк.Окуучулар кол жазмасы менен жазган китептерин белекке алышты,китепканага да китептерин таштап биздин китеп фондубузга салымын кошуп кетишти.Окуучуларды руханий, эстетикалык патриоттуулукта тарбиялоодо маданий мурастын ролун күчөтүү максатында "Мектеп китепканалары элдик чыгармачылыкты жана маданий мурастарды пропогандалоодо" деген темада Бишкек шаарынын мэриясынын Билим берүү башкармалыгы тарабынан уюштурулган сынакта биздин китепкана 1-орунду жеңип алды.Иш-чара шаардык мектептердин арасында эки тур менен өттү. 1-турда 2-орунду,2-турда 1-орунга ээ болдук.Жыйынтыгында түстүү принтер ,стол-трансформер стулу менен 5 даана,китеп койгуч айлануучу-стеляж менен сыйландык.Бул иш-чараны өткөрүүдө мектеп жамааты жана окуучулар чоң жардам беришти.

2021-2022-окуу жылын жыйынтыктоодо китепканадан көп китеп алып окуган окурмандар китепкана тарабынан ардак громаталар менен сыйланышты.Б.а.кыргызтили жана адабият мугалими Боронова Замира,Турдуматова Зыйнат,Мырзаканова Салтанат эжелер"Мыкты окурман",11б-классынын окуучусуАлыбаев Мырзаш "Мыктыокурман"наамын алышты.Ал эми7и-класстанАбдраманов Жакшылык,8д-класстан Дайырбеков Аманбек,7в-класстан Чынтаева Аяна сыяктуу окурмандар"Китепканадан көп китеп окугандыгы"үчүн деген грамоталар менен сыйланышты.

2022-окуу жылынын сентябрь,октябрь айларында Мамлекеттик тил күнүнө карата,Түгөлбай Сыдыкбековдун 110жылдыгына карата китепканада бурч уюштурулуп ,докладдар окулду.Ноябрь айында Семетейчи Жаңыбай Кожек уулунун 153 жылдыгына карата доклад окулуп,бурч уюштурулду.

2022-жылы 5-декабрда жылдагыдай эле"Жомоктор дүйнөсүнө саякат" таймашы 2-класстар арасында өтүлдү.Таймашка эки окуучу жана эки ата-энеден түзүлгөн командалар катышып,бөбөктөргө өзгөчө кызыгууну тартуулашты.Иш-чара ата-энелер менен окуучуларды биргелешип китеп окууга өбөлгө түздү.

Сканировано с CamScanner

2022-жылы 7-декабрда “Хан-Ханыша”сынагы (“Күз майрамы”) 4-класстар арасында өткөрүлдү.Окуучулар ырдап,бийлеп,жашылча,жер-жемиштерден жасаган көрсөтмөлөрүн көрсөтө алышты.Көңүлдүү эс алышты.

Китепкана башчысы: Өмүркулова Б.К.

Сканировано с CamScanner